УДК 800.24

К.М. ЖУМАКАДЫРОВА
E-mail: ksucta@élcat.kg

ТИЛ-УЛУТТУН ЖҮЗҮ, КӨӨНӨРГҮС КӨРӨҢГӨСҮ

Бул макалада кыргыз тилинин өнүгүшү, бүгүнкү күндөгү абалы, тил маселесине карата келип чыккан проблемалар каралат. Өзгөчө кыргыз жаштарынын тилге болгон мамилеси, патриоттук духтун жетишээрлик деңгээлде болбой жаткандыгы көрсөтүлөт.

В статье рассматриваются развитие кыргызского языка, его состояние на сегодняшний день и некоторые проблемы , касающиеся государственного языка. Особенно подчеркивается отношение кыргызской молодежи к языку и недостаточный уровень патриотического воспитания .

In this article are examined the development of Kyrgyz language, its state today and some problems, which are concerned official language. Especially is emphasized the ratio of kyrgyz young people to the language and the insufficient level of patriotic training.

Улуттук нарк-насилибиздин эң негизги башаты-эне тил болуп саналат.Окуучу алгачкы арипти таанып, жазып көнүккөндөн баштап улуттук тилдин бай мурастарын, көркөм деңгээлин, башка стилдердеги (илимий, иш-кагаздары, публицистика) кызматын окуп, үйрөнөт. Эне тили аркылуу студентке улуттук салт-санаа, алмустактан бери келе жаткан ата-бабаларыбыздын бай дөөлөттөрү, тарыхы, жашоо-турмушу берилип, аны андан ары улантып кетүү милдети моюнга жүктөлөт.

Дүйнөгө белгилүү өлкөлөрдүн бардыгы билим берүүгө кылдат мамиле жасап, эне тилин жакшылап өздөштүрүүгө, кастарлап сактоого өзгөчө көңүл буруп, бийик даражага жеткендигин тарых тастыктап келет. М: Япония, Корея, Израиль жана Балтика боюндагы республикалардын мектептеринде эне тилине көңүл бөлүнүп, окуу жайларында тил үйрөнүүсү өркүндөтүлүп, турмушта негизги талап катары каралат.

Француз тилчиси Жозеф Вендриес 1933-жылы жарыкка чыккан “Тилдердин өлүмү”деген эмгегинде: “Тилдин жок болушунун башкы себеби- ошол элдин өз тилине кош көңүл мамиле кылуусунан келип чыгат”, -деп белгилеген. Биздин азыркы абалыбыз жогоруда белгиленген аныктамага дал келип турат. Демократия деген жалган чүмбөткө жамынып алып, чыныгы абалдан четтеп, ураан, оюн-зоокторду деминде “тилибизди

өркүндөтүп жатабыз" деп корстон болуп жүрөбүз. Даректын тамырына доо кеткен болсо, канчалык кам көрүлбөсүн, ал көктөбөйт, мөмө байлабайт. Анын сыңары, эне тилибизге доо кетирбей, алпештеп, балабакчада, мектепте,айрыкча жогорку окуу жайларда студенттердин көөдөнүнө сиңире алсак гана келечекте элине күйгөн, жерине ак кызмат кылган татыктуу инсандар чыгып, өлкөнүн атын алыска таанытат. Тилекке каршы, батыштын улуттук кендирин кескен, тескери үгүттөргө толгон (видеотасма, мода, компьютер оюндары ж.б.) каражаттары студенттердин сүймөнчүлүгүнө айланып, улуттук дөөлөттөрдү, мурастарды басмырлап жатканына ачык күбө болуудабыз. Кечээги окуучу бүгүн студент болуп эле моданын аркасынан түшүп, улуттук колоритти чанып, чет элдик варваризмдерди (тилге өздөштүрүлбөй келип кирген сөздөр), вульгаризмдерди (жеке адамга корс, одоно айтылган) кошуп сүйлөп, жарашпаган маданияттуулугун көрсөткөн жагдайлар арбып баратат.Ата-мекенин, ата-бабаларынын каада-салтын, баалуулуктарын, ойломун, тутунган динин, эне-тилин унуткан адамды кыргыздар маңкурт дешет.

Чындыгында тил-улуттун күзгүсү, ата-бабадан калган мурасы. Ушул байлык – тилчилердин, адабиятчылардын, акын-жазуучулардын, кабарчылардын эле байлыгы эмес, ал жумурай-журттуку. Демек, эне тилибиздин казынасын байытуу ар бирибиздин ыйык парзыбыз. Байыркы бабаларыбыздын нарк-насилин, дил туюмун, баамын билүү, алардын накылдарын эстен чыгарбоо, бизге калтырган мурастарын кастарлоо жаштардын, өсүп келе жаткан жаш муундардын милдети. Кыргыз тили республикалык университетте, педагогикалык институттарда жана мектептерде атайын предмет катарында өтүлөт; Кыргыз Академиясынын Тил жана адабият институтунда бул тил боюнча лингвистикалык изилдөөлөр, республикалык кээ бир башка илим-изилдөө институттарында методикалык көрсөтмөлөр, иликтөөлөр жүргүзүлөт; башкача айтканда кыргыз тили сабак берүүнүн жана атайын илим-изилдөөнүн предметине айланды.

Кыргыз тили жөнүндөгү илимдин башаты, өнүгүшү жана калыптанышы тагдырдын буйругу менен XX кылымга тура келгендигин эч кимибиз тана албайбыз. Октябрь революциясынын кыргыз калкына тийгизген агартуучулук таасири, совет өкмөтүнүн улуттук республикаларда жүргүзгөн сабатсыздыкты жоюу, жергиликтүү элдин билимин, маданиятын көтөрүү жана жолго салуу боюнча саясатын бүткүл дүйнөлүк коомчулук тана албайт. Кыргыз эли көптөгөн кыйынчылыктарды жеңүү менен билимдүү, эгемендүү элдерден болду. Элибиз үчүн эгемендүү илимдүү-билимдүү болуу оңойго турган жок: ак жерден караланып «элим» - деп элинин намысын коргогон улуттун асыл адамдарынан ажырадык.

Кыргыз тили боюнча алгачкы илимий-практикалык китептеринин алгачкылары негизинен К.Тыныстанов тарабынан жазылып башталган. Кыргыз тили боюнча

терминдерди иштеп чыгуу, атоо маселелерин жөнгө салуу, түшүнүктөрдү чечмелөө жагы көбүнесе К.Тыныстановго таандык десек жаңылыштык болбос.1937-жылдагы репрессияга байланыштуу К.Тыныстановдун эмгектерин колдонууга уруксат берилбегендиктен, көп жылдар бою ал эмгектер түпкүрдө жатып, жоголгону жоголуп, эптеп сакталып калганы бүгүн биздин колго тийип олтурат.

Кыргыз тили республикалык университетте, педагогикалык институттарда жана мектептерде атайын предмет катарында өтүлөт; Кыргыз Академиясынын Тил жана адабият институтунда бул тил боюнча лингвистикалык изилдөөлөр, республикалык кээ бир башка илим-изилдөө институттарында методикалык көрсөтмөлөр, иликтөөлөр жүргүзүлөт; башкача айтканда кыргыз тили сабак берүүнүн жана атайын илим-изилдөөнүн предметине айланды.

Ар кандай ойлор тилдин материалдык базасынын негизинде түзүлөт. Тилсиз ойлоо да болбойт. Эне тил жөнүндө заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов: «Мекендештеринин жүрөгүнүн терең жеринен орун алып, аларга эстетикалык рахат бере турган чыныгы көркөм чыгармалар баарынан мурда ошол улуттун өз тилинде жаралат» десе, белорус жазуучусу Василь Быков: «Эне тили – ошол элдин жан дүйнөсү, анын мүнөзүнүн жана өзгөчөлүгүнүн көрүнүшү» - дейт. Ал эми эл акынын Байдылда Сарногоевдин: «Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт» деген ыр сабында терең философиялык ой жатат. Ар бир улуттун эң ыйык туткан нерсеси – анын эне тили. Улуттун символу болгон: Асаба, Гимн, Гербдерди дасыккан адистер кайрадан даярдап, мыйзамдаштырса, мезгил талабына ылайык иштеп чыкса болот. Ал эми эне тилди антип кайрадан иштеп чыгууга эч качан болбойт.

Кыргыз тили дүйнөдөгү көптөгөн тилдердин арасынан өзүнүн байыркылыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Тарыхтын ар түрдүү ООШ-кыйыштарында кыргыз тили кыргыз эли менен кошо жашоосун улантып келди. Кайсы гана доордо болбосун тилибиз элибиздин байланыш-катнаш куралы катарында рухий талабын канааттандыра алды. Кыргыз тилинин тарыхы кыргыз элинин тарыхы менен ондогон кылымдар бою жарыш жашап келатат. Тагдырдын ушул узак жана көп окуялуу тарыхый жолунда кыргыздар элдүүлүгүн тили аркылуу сактап кала алды. Зарылдыгына ылайык элибиз тилибизди байытты, кыргыз тили менен бир сүйлөмдөн турган макал-ылакап, учкул сөздөрдөн тартып улуу «Манас» эпосуна чейинки дүйнөлүк маданий казынанын теңдешсиз үлгүсү жаралды. Мындай тилдик тагдыр дүйнөдөгү бардык эле тилдерге бериле бербейт. Тилдин байыркылыгы анын жашоо кудуретин, тил бирдиктеринин маанилик гана жактан эмес стилистикалык боектуулук жагынан да өөрчүп-өнүккөндүгүнөн кабар берет. Демек,

кыргыз тили өзүнүн коммуникативдик жогорку сапаттары менен кошо өнүккөн, байланыш-катнашта функционалдык жактан жиктелген тилдик бирдиктерине да ээ.

Жыйырманчы кылымдын экинчи чейрегинен баштап кыргыз тили илимий изилдөөнүн обьектиси болуп калды: илимий макалалар, монографиялар, окуу китептери жана окуу куралдары, диссертациялык изилдөөлөр кыргыз тилинин ар түрдүү маселелерине арналды. Жыл өткөн сайын тилибиздин коомдук кызматы кеңири кулач жайды. Ошентип, тилибиз тарыхта өзүнүн ар түрдүү белгилери менен эсте калган социализмдин тушунда да элибизге кызмат кылды.

Эне тилин жакшы билбей туруп, башка сабактарды толук өздөштүрүү кыйын экендиги маалым. Ал жөнүндө М.И.Калинин: «Эне тилин жакшы билүү кала берсе мына бул себеп боюнча зарыл: тил башка сабактарды үйрөнүү үчүн курал болуп саналат. Эне тилин билүү билимдин мындан аркы циклдерин өтөө үчүн, адам баласы өз турмушунда кездешүүгө туура келген бардык иштер үчүн зарыл», - деп айткан.

Юнеско менен БУУ эне тилин жогору баалашып, аны чоң кичине дебей, ар бир эне тилдин тагдырына тынчсызданып, дүйнөдө лингвистикалык көп милдеттүүлүктү жана көп тилде билим берүүнү ар тараптан колдошот. Эл аралык кызматташтык улам күч алып бараткан доордон улам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болгон кыргыз элинин эне тилин сактап калуу, коргоо – бул кыргыздар үчүн улуттук, кыргызстандыктар үчүн жарандык парз, бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Анткени ар бир улуттун эне тили – ошол улуттун кайталангыс жүзү, жан дүйнөсү теңдешсиз улуттук белги тамгасы. Мамлекеттик тилди унутуп кала берсек, ал акырындап жоголору шексиз. Эне тил жөнүндө дүйнөгө белгилүү авар жазуучусу Расул Гамзатов: «Эгер менин тилим жер жүзүнөн жексен болсо анда мен өлүп кетүүгө даярмын» - деп айтканына толук кошулса болот. Эгер кыргыз тили жоголсо анда адамзаттын маданиятына, руханий байлыгына кайра орду толгус жоготуу болору талашсыз. Ошондуктан кыргыз тили мындан ары жоголууга эмес илимий-техникалык алга жылуулардын негизинде байууга, өнүгүүгө багыт алуусу керек десек, анда ар бир кыргыз инсанынын жүрөгүндө «мен тилим менен кыргызмын» деген патриоттук сезим жашаш керек.

XX кылымдагы кыргыз тили жөнүндө басылып чыккан китептер туурасында сөз болгондо улуу агартуучубуз Э.Арабаевди атабай кетүүгө мүмкүн эмес. XX кылымдын башында жарыкка чыккан Х.Сарсакеев менен бирге жазылган анын «Алифбе йаки төтө окуу, жазуу өрнөктөрү» деген окуу китептеринин өз учурундагы маанисин бүгүн дагы белгилей кетүүбүз зарыл. Э.Арабаевдин «Кыргыз алиппеси» 1924, 1925, 1926, 1928-жылдары удаалаш чыгып турган экен. Араб тамгасында жазылган бул китептер кыргыз эли үчүн, анын сабатын ачууда зор эмгек сиңирген.

Э.Арабаевдин кийинки агартуучу иштерин улантуучу К.Тыныстанов тил жаатына чыныгы революциялык жаңылык киргизген.

Кыргыз лингвистикасы, жазма адабияты жана анын калыптанышында атайы бөлүп көрсөтүүгө арзыган лингвистикалык мектептин баштоочусу – К.Тыныстановдун тил илими боюнча иштерин илимий изилдөөлөрдүн башаты катары талдоо обьектисине айлантуу учурдун маанилүү маселелеринен болуп саналат. Биз «Эне тил» сабагына үйрөнүп жаткан «ат атооч», «зат атооч», «этиш» деген сыяктуу көптөгөн тилдик терминдерди ушул К.Тыныстанов, биринчи ойлоп тапкан жана колдонууга киргизген[1].

Бир кезде көп жылдар бою «Октябрь революциясына чейин кыргызда жазуу-сызуу деген болгон эмес» - деп көгөрүп жатып алдык. Өз учурунда, тилекке каршы, Касым Тыныстанов да бул пикирде болгондугу маалым (Караңыз: анын «Десять лет борьбы за новый алфавит». Краткий исторический очерк: Кыргызстан КТБсынын архивинен табылган жаңы материал). Ал эми «жок, андай эмес, мындай болгон» - деген аябаган саясий күрөшкө себепкер болуп, ал пикирлери үчүн улутчулдуктун «коңгуроосун» (К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев, Ж.Шүкүров) тагынгандарыбыз да болгон.

Чындап келсе, революцияга чейин эне тилибизде сүйлөгөндөрдөн жазылып алынган, демек кагаз бетине түшүрүлгөн тексттер бир топ эле. Алар: Ч.Ч.Валихановдун Көл башынан жазып кеткен «Манастын» үзүндүлөрү (Сочинения Ч.Ч.Валиханова, анын «Очерки Джунгарии» (Спб, 1904) деген жалпы ат менен жарыяланган эмгектеринде жарык көргөн); В.В.Радлов 19-кылымдын экинчи жарымында, Чүй өрөөнүндө эки мертебе болуп, «Манастан» жана башка фольклордук чыгармалардан үзүндүлөрдү жазып алып, аны өзүнүн «Образцы народной литературы северных тюркских племен» (том Ъ, Лейпциг, 1985-ж.) деген эмгегинде жарыялайт. Бул фактылар Кыргызстандын аймагында жазма салттар Орхон-Енисей (Талас таякчасы) ж.б. ташка жазылган эстеликтер, андан кийин эски уйгур жазма салттарынын (Баласагундук Жусуп жана Кашкарлык Махмуддук чыгармалары) өз мезгилинде жайылып келгендигин күбөлөйт.

Демек жергебизде Орто Азия жана Волга боюна кеңири тараган жазма салттардын көрүнүштөрүн күбөлөгөн фактылар арбын кездешкендигин, революцияга чейин эле жазуу болгон деген пикир кийинки жылдары ого бетер ырасталууда (Э.Р.Тенишев), бул пикирди жокко чыгарган, б.а. «жазуу-сызуу кыргыздарда болгон эмес» - деген кескин пикир (бул пикирди К.Тыныстанов да айткан) эне тилибиздин өздүк өзгөчөлүктөрүнө негизделген жазуу системасынын болгондугу, демек, ал системада басылып чыгарылган китеп, гезит сыяктуу басма булактар, мектептерде белгилүү окуу куралдарынын негизинде окуу-тарбия иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү жана башка зарыл шарттардын жоктугу гана

---

[1] Байгазиев С. К.Тыныстанов – агартуучунун алгачкы карлыгачы //Эл агартуу, 2001. – 72-б.

себепчи болбостон, көбүнчө советтик бийликтин саясий дөөлөттөрүн даңазалоо максатына да үндөш болгондугу да чындык[1].

К.Тыныстановго кайрылсак, 1932-жылы «Кыргызмамбас» тарабынан Фрунзе-Ташкентте басылып чыккан «Тил сабагы-(2-жылдар ъчън кыргыз тилинин иш китеби») 1931-жылы жазылган кыргыз тилинин программасына негизделген. Китептин максаты: окууну жана жазууну гана үйрөтүү эмес, балдардын тилинин тез жана туура өсүшүнө кол кабыш кылуу китептин (негиз) түзүлүшүндөгү негизги метод-балдардын шайдооттугун арттыруу жана мугалимдин жетекчилик ролун көтөрүү болгон.

Окуу китебиндеги сүйлөмгө, сүйлөмдөн баш жана айкындооч мүчөлөрүнө, муун, ташымал, үндүүлөрдүн жоон жана ичке болуп бөлүнүшүнө, созулма үндүүлөргө, өнсөздүрдөн жумшак жана каткалаң болушуна аныктама берилип, үндөштүк закону, сөз жана сөз мүчөлөрү түшүндүрүлгөн. Бул китепте, биринчи баскычтагы окуу китебинде берилген аныктамалар кеңейтилген, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү (куранды жана уланды) мүчөлөрдүн фонологиялык аллафондору атайын схемалар аркылуу көрсөтүшүп, ар бир эреже менен бекемделген.

К.Тыныстановдун «Кыргыз тилинин морфологиясы 5-жана 6-чы жыл үчүн тил сабактары» (Бишкек, 1996) деген эмгегин «Касымдын алфавитинен» бүгүнкү алфавитке оодарган Кыргыз Республикасынын УИАнын мүчө-кор., филология илимдеринин доктору, профессор Т.Ахматов да өзүнүн салымын кошкон.

К.Тыныстанов мүчөлөмө сөз деген түшүнүккө байланыштуу куранды жана уланды болуп бөлүнгөн мүчөлөрдүн тыбыштык закон ченемдеринен келип чыккан өзгөчөлүктөрүн талдап келип, жыйырма мүчөнү талдайт. Кандай гана грамматикалык кубулуш болбосун, анын маңызын, ички механизимин ачуу маселеси орчундуу илимий талдоо менен ишке ашырылат. Ошондой эле алардын ар биринин өз атоосу (термини) менен аталышы да грамматикалык кубулуштарды өз ара биринен бирин ажыратып түшүнүүнү жеңилдетет.

Демек терминдер системасынын тактыгы илим салааларынын ар биринин мазмундук баяндоону камсыз кылат. Бул жагынан К.Тыныстанов кыргыз тил илимин изилдөөдө орчундуу орду бар. Аталган чакан китепте эле 50дөн ашык термин колдонулат. Анын ар бири-илимий түшүнүктү так туюнтуп турат. Ошондуктан ар биринин келечеги да туруктуу болгондугу бүгүнкү күнгө чейин ошол эле маанилерди туюнтуу үчүн колдонулуп келе жатышы менен далилденип турат[1]. Жыйынтыктап келгенде, К.Тыныстанов тарабынан колдонгон терминдер, жак боюнча бөлүштүрүүлөр, жак

[1] Орузбаева Б. Тыныстановдун жибек жолу //Кыргызстан маданияты, 1992. – 26-ноябрь.
[1] Орузбаева Б. К.Тыныстановдун жибек жолу. //Кыргызстан маданияты, 1992. - № 49. (1349). –3-декабрь.

мүчөлөр, алардын өзгөрүштөрү, жак боюнча өзгөрүүчү этиштик формаларды аныктагандыгы азыркы күнгө чейин окуу китептеринде, илимий грамматикаларда дээрлик өзгөрүүсүз колдонулуп келүүдө. Бирок жакталыш андан кийин изилденбеген деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Жакталыш жөнүндөгү илимий маалыматтар кыргыз тилчилеринин кийинки чыккан эмгектеринде улам тереӊделип, толукталып изилденип, жакталыш формалык, морфологиялык, семантикалык жактан илимий сыпатталат, жик мүчөлөрдүн келип чыгышын аныктайт[1].

Ал эми, К.Тыныстановдун «Кыргыз тилинин морфологиясы 5-жана 6-жыл үчүн тил сабактары (КАССР Агартуу комиссары руксат кылды) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1934-жылы басылып китебин латын тамгасынан азыр колдонулуп жаткан алфавитте беришкен. Бул китепте автордун орфографиясы, пунктуациясы өзгөрүүсүз берилип 1996-жылы чыккан. «Жик уландылар» деп колдонулган термин 1996-жылы чыккан китепте «Жик атоочтор» делип берилген.Демек кыргыз тилине терминдерди киргизүүдө дегеле тил маселесине кошкон салымы зор? Азыркы күндө К.Тыныстановдун эмгектери да алгылыктуу колдонулууда.

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, кийинки муундарды эне тилин сүйүүгө чакыруу биринчиден алардын патриоттук сезимин курчутууда экендигин дагы бир жолу белгилеп кетким келет.

Колдонулган адабияттар

1. Муканбаев Ж. Кыргыз тилинин тарыхый булагы //Мугалимдер газетасы, 1990. – 20-июль.
2. Абдувалиев И. К.Тыныстанов – кыргыз грамматикасын алгач жаратуучу //Заман Кыргызстан, 1996. –18-октябрь. № 42.
3. Ахматов Т. Кыргыздын туӊгуч окумуштуусу //Советтик Кыргызстан, 1989. – 30-май.
4. Байгазиев С. К.Тыныстанов – агартуучунун алгачкы карлыгачы //Эл агартуу, 1978. – № 10.
5. Орузбаева Б. К.Тыныстановдун жибек жолу //Кыргызстан маданияты, 1992. – № 49. – 3-декабрь.
6. Осмонов А. И.Арабаев – кыргыз элинин алгачкы окумуштуу-агартуучусу.

[1] Кубатов Э. Касым Тыныстановдун эмгектеринде жак категориясынын берилиши. К.Тыныстановдун 90 жылдыгына арналган конференциянын докладдары. – Бишкек, 1991. –34-37-б.

7. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. 5-жана 6-чы жыл ъчън тил сабактары. – Бишкек, 1996.
8. Тыныстанов К. Эне тилибиз. 1, П том. – Стамбул, 1998. (1928).
9. Яншансин Ю.Я. Кыргыз тили жөнүндө //Эл агартуу, 1978. – № 10. – 56-б.